КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
АКНАЗАРОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АКНАЗАРОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# Т О К Т О М

2026-жылдын 10-июлу №39 Кызыл-Октябрь айылы

**Бакай-Ата районунун ички иштер бөлүмүнүн башчысы милициянын майору Т.Марипбай уулунун кайрылуусу жөнүндө**

Акназаров айыл аймагынын айылдык кеңешинин 33-чакырылыштагы депутат-тарынын 2026-жылдын 10-июлундагы кезектеги 16-сессиясы Кыргыз Ркспубликасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинин 12-пунктуна ылайык, Бакай-Ата районунун ички иштер бөлүмүнүн башчысы милициянын майору Т.Марипбай уулунун кайрылуусун угуп жана талкуулап чыгып токтом кылат:

1. Бакай-Ата районунун ички иштер бөлүмүнүн башчысы милициянын майору Т.Марицбай уулунун кайрылуусу эске алынсын.

2. Айыл аймагында жарандар арасында коомдук тартипти сактоо, кылмыштуулукту, жол кырсыктарын азайтуу жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу максатында соода сактык түйүндөрүндө спирт ичимдиктерин сатуу убактысына саат 22:00 дөн 07:00 гө чейин сатууга тыюу салынсын.

3.Токтомду аткаруу жагы Акназаров айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Э.Тургуновго милдеттендирилсин.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Акназаров айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Доулбековго жүктөлсүн.

5 Айылдык кеңештин жооптуу катчысы ушул токтомду Акназаров айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыяласын,каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсүн ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтсүн .

6.Ушул токтом Кыргыз Республикасынныы ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **А.Коккозов**